***DOI:10.26104/NNTIK.2023.99.22.076***

*Султанова А.А., Садыкова С.З.*

# ЧОҢ-АЛАЙ ТОПОНИМИЯСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЭВОЛЮЦИЯСЫ

*Султанова А.А., Садыкова С.З.*

# ИСТОРИЧЕСКАЯ ЭВОЛЮЦИЯ ЧОН-АЛАЙСКОЙ ТОПОНИМИИ

*A. Sultanova, S. Sadykova*

# HISTORICAL EVOLUTION PLACE TOPONYMY OF CHON ALAY

*УДК: 411.412 12*

*Макалада, негизинен, байыркы ареалдык өзгөчөлүктү камтыган Чон-Алай топонимиясында жолугуучу жер-суу аталыштарынын тилдик өзгөчөлүктөрү лингвистикалык (типологиялык, тарыхый-салыштырма) планда кенири талдоого алынды. Белгилүү болгондой эле топонимдер тилдик курамдын байыркы катмарын сактап калуу менен биргеликте элдин тарыхый калыптануусу, басып өткөн жолу жана менталдуулугу менен тыгыз байланышта болондуктан алардын когнитивдик негизи тарыхый географиялык өнүттөн иликтенет. Ошондуктан аталган макалада топонимдердин составындагы байыркы лексемалар тилдин концептуалдык негизин түзгөн система катарында ар тараптан изилдөөгө алынды. Макаланын аягында авторлор адам баласынын күнүмдүк турмушундагы интеллектуалдык өнүгүүнүн жана экстралингвистикалык фактордун (тоолуу ландшафт) лингвистикалык менталитеттин пайда болуусуна болгон олуттуу таасири лингвистикалык ой-туюмдун топонимикалык формасынын пайда болуусуна кыртыш катары кызмат кылган деген жыйынтыкка келет.*

***Негизги сөздөр**: топоним, ареал, этноним, маданий-лингвистикалык аспект, дүйнөтааным, семантика, семантикалык система.*

*В данной статье анализируются в лингвистическом плане специфические особенности древних топонимов на примере нескольких местных названий в системе топонимического ареала Чон-Алай. Общеизвестно, что топонимы, представляя собой древнюю систему лексического фонда языковой структуры как таковой, тесно связаны с историческим формированием культуры, лингвистической ментальностью носителя. Топонимы являются историческими словами, сохранившими более древние значения до настоящего времени. Следовательно, в этой статье анализируются, в первую очередь, концептуальные основы топонимов кыргызского языка на примере топонимии Чон-Алай. В итоге авторы статьи приходят к выводу, что значительное влияние интеллектуального развития человека в его повседневной жизни и экстралингвистического фактора (горный ландшафт) на формирование языкового менталитета послужило почвой для формирования топонимической формы языковой мысли.*

***Ключевые слова**: топоним, ареал, этноним, лингвистический культурный аспект, психолингвистический, миропонимание, семантика, семантическая система.*

*These articles exoplanet or usually focus on one specific Kyrgyz toponyms, for example several local toponyms of area Chon Alai. If course, place names (certain, toponyms) very historical words and continuing ancient relicts Kyrgyz language. It also provides the reader a glimpse at Kyrgyz history and culture through Kyrgyz toponyms. In addition to the new examples created exclusively for this article, we also included brief explanations pertaining to Kyrgyz history and culture in connection to different names, for example in place names. At the end of the article, the authors come to the conclusion that the significant influence of the intellectual development of human beings in their everyday life and the extra-linguistic factor (mountainous landscape) on the formation of linguistic mentality served as a soil for the formation of the toponymic form of linguistic thought.*

***Key words:** toponym, etymon, area, concept, ethnic culture, linguistically culture aspect, psycholinguistics, perception of the world, stored in the memory, semantic nuclear.*

Чоң-Алай аймагынын географиялык шартына, элинин жашоо турмушуна алгачкылардан болуп орустун окумуштуулары, саякатчылары көп эле жолу кайрылышкан [9, 3-10-бб.]. Бирок алар жер-суунун аталышына атайылап көңүл бурушкан эмес. Ошондуктан аталган аймактын топонимиясынын тарыхый эволюциясынын кала берсе жалпы кыргыз топонимикасынын изилденилиши 1940-жылы Э. Мурзаевдин Бүткүл Союздук география коомунун кабарларында жарык көргөн (72-том, 3-чыг.) «Тянь-Шань кыргыздарынын географиялык терминологиясына жана номенклатурасына карата» деген макаласынын жарыкка чыгышы менен башталган деген пикирин белгилүү окумуштуу К.Конкобаев айтып өткөн [9, 3-10-бб.].

Албетте тарыхый жактан калыптануу кыргыз топонимиясынын жана лексикасынын составында да сырттан кабыл алынган көп эле сөздөр аркылуу да ачыкталат. Өнүгүү доорунда алар кыргыз тилине ар кандай жолдор менен жана ар түрдүү мезгилде келип кирген. Бул сөздөр, өзүнүн түпкү материалдык негизи боюнча алып караганда, бир тектүү эмес, анткени булар ар башка тилдерден келип кирген сөздөр. Ошондуктан сыртттан кабыл алынган топонимдерди жалпысынан тарыхый хронологиялык тартипте жайгашуу менен бир катарда тарыхый жактан болгон алакаларды да тастыктоочу материал катарында кызмат кылат. Бир эле мезгилде биздин макалабызда топонимиянын тарыхый эволюциясы тарыхый катмарлардын пайда болуусун шарттайт, карым катыштары да топонимикалык фактылардын негизинде чагылдырат [14, 3-б.].

Ошондой эле жалпы тилдин алкагында карай турган болсок, топоним – тилдик түзүлүштүн алкагында гана курала турган бирдик. В.Н. Никонов жергилктүү калктын топонимиясынын эволюциясына токтолуу менен ар бир топоним өз алдынча туруп номинативдик милдет аткара албай тургандыгын баса белгилеп, сөздөр топонимдердин катарына өтүү

менен башкача жашоосун улантып, социалдык маанилүү милдет аткара баштай тургандыгын айткан [14, 10-б.]. Ошондой эле окумуштуу топонимдер тынымсыз өнүгүү менен эч качан жалгыздап жаралбай тургандыгын баса белгилейт [14, 5-б.]. Топонимдин тилдик системага кабыл алынуусу жана туруктуу бирдик катарында кызмат кылуусу анын семантикалык жүгүнө негизделген [14,8]. Ошондуктан жогоруда айтылган окумуштуунун пикирине кошулуу менен топонимдин чөлкөмдүк туруктуулугун жана тутумун белгилөөгө болот деп эсептейбиз.

Ал эми жалпы түрк топонимиясы боюнча белгилүү адис О.Т. Молчанова топонимдин тарыхый калыптануусунун көп кырдуулугуна токтолуп, атоо процессинде тилдик коомдун ишмердүүлүгүнүн байланышы катарында карайт [13, 22-б.]. Жамааттын жана топтун ар бир мүчөсү өз дүйнө кабылдоосуна, өндүрүш маданиятына жараша суу аттарын кабылдайт деп түшүндүрөт да, адам баласы башкача айтканда тилдик коллективдин мүчөсү бизди курчаган реалдуу дүйнөнүн кайсы бир бөлүгүн атоодо өз турмушуна, өндүрүш ишмердүүлүгүнө жана калыптанган тилдик маданиятына жараша аталуучу объектинин сапаттык жагын кабылдайт - деп билдирет [11, 86-б.]. Мындай көз карашты К.Конкобаев [9, 20-б.] жана Н. Жапаровтор [7, 11-б.] колдошкон.

Д. Исаев өз изилдөөлөрүндө жер-суу аттары бир гана тилдик түзүлүштүн маанилүү бөлүкчөсү болбостон, тарыхтын далили катары кызмат өтөй турган чындык экендигин мүнөздөйт [11, 86-б.]. Ошондой эле топонимдерди эки жактуу лингвистикалык көрүнүш катары изилдеп, социалдык жагдайына көңүл бурган. Окумуштуу жер-аттарынын семантикалык байланыштарына өзгөчө орун бериле тургандыгына кеңири токтолуу менен жер-суу аттарынын маанилик жагы элдин тарыхы менен ажырагыс тутумду түзө тургандыгын баса белгилеген. Ошондой эле жалпы эле кыргыз элинин тарыхында жана этникалык жактан узак кылымдар бою калыптануусунда өзгөчө мааниге ээ болгон Чоң-Алай аймагынын жана анын ажырагыс компоненти катарында Чон-Алай топонимиясынын илимий-лингвистикалык жана географиялык фактор катарында каралуусу кыргыз тилиндеги лингвистикалык географиянын калыптануусуна салым боло алат. Кыргызстанды жердеген негизги этникалык топтун тилин чагылдырган жана анын негизинде өзүнчө өнүгүү чөйрөсүнө ээ болгон Чоң-Алай топонимдеринин ареалдык системасы жана анын диахрондук планда изилдениши элдин тарыхын изилдөөдө маанилүү милдет. Топонимдердин тарыхый эволюциясын изилдөө жана катмарларын аныктоо кыргыз эли менен тарыхый өнөктөш болуп саналган согдулардын, уйгурлардын жана башка тилдердин кылымдар бою болгон карым катнашы менен байланышкандыктан Чоң-Алай топонимиясынын этимологиялык жактан терен иликтениши мезгил агымындагы актуалдуу маселе болуп саналган тилдердин карым катнашы менен да тыгыз байланыштуу.

Чоң-Алай топонимиясы жана жалпы топографиялык системасы географиялык жактан кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый фактыларына бай чөлкөмдү гана камтуу менен чектелбестен, кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхый калыптануусуна тикеден-тике таасирин тийгизе алган топонимикалык ареал экендиги азыркы мезгилде талашсыз тарыхый чындык. Аталган фактор Чоң-Алай топонимиясынын тарыхы жана географиялык ландшафты менен да ачык мүнөздөлөт. Чоң-Алай аймагы Орто Азиянын гана эмес, жалпы эле Борбордук Азиянын тарыхыйлингвистикалык топографиясынын тарыхый өнүгүүсүнө болгон олуттуу таасирин өз мезгилинде Чыгыштын чыгаан ойчулдары Махмуд Кашгари [12, 30-б.], Абу Исхак Ибрахим ибн Мухаммад ал-Истахри [10, 128-б.], Мухаммад ибн Наджиб Бекран [17, 46-51-бб.] жана кийинчерээк Чокан Валихановдор белгилешкен [6, 34-б.]. Ошондой эле Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхын, топонимиясын жана этнографиясын терен изилдешкен белгилүү тарыхчылар С. Абрамзон [1, 31-43-бб.], А. Бернштам [4, 19-б.], В.В. Бартольд [2, 23-89-бб.] баса белгилөө менен азыркы Чоң-Алай чөлкөмү кыргыз урууларынын саясый жана социалдык турмушунун борбору болгондугун жана Кыргызстанды жердеген башка тилдүү уруулардын өнүгүүсүнө өбөлгө болгон деген алгылыктуу ойлорун тарыхый-археологиялык фактылардын негизинде тастыкташкан.

Бир эле учурда кыргыздын чыгаан окумуштуусу, белгилүү тилчи Б.М. Юнусалиев ономастикалык материалдардын негизинде иликтеп, Алтайда жолугуучу топонимдер менен Чон-Алай аймагындагы жер аталыштарынын ортосунда тилдик байланыш бар экендигин баса белгилейт [16, 36-44-бб.].

Албетте, Чоң-Алай топонимиясы жалпы кыргыз топонимиясынын ажырагыс бөлүгү болуп саналгандыктан жалпы Кыргызстандын топонимиясы менен тарыхый байланышта өнүккөн десек жаңылышпайбыз. Изилдөөлөр көрсөткөндөй эле Чон-Алай аймагынын топонимиясындагы алгачкы катмар байыркы кыргыз катмары болуп эсептелинет. Ошондой эле Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы аталыштар көп кылымдар бою өнүгүү процессинде фонетикалык жактан гана өзгөрүүгө учурабастан, структуралык жактан да таанылгыс болуп өзгөргөндүгү байкалат. Албетте топонимдерди структуралык жактан комплекстүү изилдөө учурунда алардын тыбыштык жактан кылдат талдоого алуу зарылчылыгы турат. Анткени фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган топонимдер, биринчи кезекте, семантикалык жактан таанылгыс абалга келишет. Мындай маанилик жактан болгон тарыхый өзгөрүүлөр топонимдердин башка мааниге

(переосмысление) өтүүсүнө бирдин себепчи деп жыйынтык чыгарууга болот. Чоң-Алай топонимиясынын лингвистикалык стратиграфиясындагы табигый фактор катарында Памир-Алай тоо кыркаларында, Чоң-Алай зонасындагы ыңгайлуу географиялык шарт бир канча этникалык топтордун канатташ жашоосун камсыздаган. Ошондуктан Чоң-Алай географиялык чөлкөмүндөгү *кыргыз, согду, язгулам, ягма, чилик* ж. б. уруулардын канатташ отурукташуусу Чоң-Алай топонимиясынын лингвистикалык конгломерат катарында калыптануусуна, маданий-экономикалык көп кылымдык алаканын ишке ашырылышына шарт түзүлгөн. Анткени Чоң-Алай топонимиясы кыргыз тилинин өнүгүү тарыхында Алтай доорунан тарта сакталып келген топонегиздер (топоснова) менен бир катарда, байыркы санскрит тилинин бир бутагы болгон согду, язгулям-рушан тилинин элементтери менен мүнөздөлүүчү топоформанттар менен да өз курамын байыткан (*Дар, Дарав, Раут, Каут, Руд, Бад, Бадахш*). Анткени бир ареалдык чөлкөмдө маданий-экономикалык жактан өнөктөш өнүккөн элдердин тилдери диалектикалык жактан биримдикти түзүп, бир географиялык чөйрөдө ар башка түзүлүштөгү тилдердин органикалык катышы жаңы бирдиктердин (*Дарава, Дароот-Коргон, Чамаш-Зар, Бураз, Сарашма, Сартарык, Сары-Таш*) б. а. «апеллятив$_{с-я}$ + Ø ↔ апеллятив$_{к}$ + Ø» гибриддик моделиндеги уникалдуу бирдиктердин түзүлүүсү тилдер ортосундагы типологиялык гана айырмачылыктын эмес, көп кылымдык эриш-аркак өнүгүүнүн да далили болуп саналат.

Мындай маданий-экономикалык пландагы тыгыз байланыш, лингвистикалык алака биз изилдөөгө алып жаткан Чоң-Алай топонимиясынын концептуалдык топонимиясынын өзгөчө формасын жараткан. Ошондуктан Чоң-Алай топонимиясынын диахрондук алкагында ретроспективалык багыттагы этноконцептуалдык критерийлер, жер аталыштарынын когнитивдик негиздери жалпы топонимдердин стратиграфиялык пландагы көрсөткүчү катарында аталган бөлүмдө ар тараптан талдоого алынды. Ал эми кыргыз географиялык лингвистикасындагы байыркы лингвоконцептуалдык бирдик катарында араб окумуштууларынын атласынан белгилүү болгон *Алай* тоо кыркалырынын ороним катарында *Йулдуз* деп аталышы белгилүү тарыхчылар В. Бартольд [2,234] жана А.Н. Бернштам тарабынан да белгиленген [3, 23-89-бб.]. Анткени кыргыз лингвоконцептуалдык алкагында мейкиндиктеги ориент-бирдик катарында туруктуу константанын космикалык алкагынын лингвистикалык концепт катарында жылдыз (йулдуз) космоними берилиши кыргыз оронимиясындагы Чоң-Алай тоо кыркаларынын ядролук ордун көрсөтөт. Демек адам баласынын күнүмдүк турмушундагы интеллектуалдык өнүгүүнүн жана экстралингвистикалык фактордун (тоолуу ландшафт) лингвистикалык менталитеттин пайда болуусуна болгон олуттуу таасири лингвистикалык ой-туюмдун топонимикалык формасынын пайда болуусуна кыртыш катары кызмат кылган деген жыйынтыкка келүүгө болор эле. Анткени *улуг//олог → алай* адъективтинин денотативдик негизи болгон Памир-Алай тоо кыркаларынын этностун лингвистикалык менталдуулугунун калыптануусуна тийгизген таасири алай оронимининин семантикалык структурасында кошумча «мекен → улуттук локалдуулук → чөлкөм» семалары менен толукталуусуна алып келген. Арийне гректердин традициялык окуусу азыркы күнгө чейин өзгөрүүсүз сакталган планетардык онимдер системасы, б. а. космонимиянын негизи болгондугун тана албайбыз.

Өз кезегинде белгилүү түркolog И.А. Батманов кыргыз урууларынын жалпы түрк тилинде сүйлөгөн элдердин негизин түзгөндүгүн ачыктайт. Ошондой эле кыргыз тили кылымдар бою түрк элдеринин саясый, социалдык-экономикалык жана маданий турмушунда болуп өткөн орчундуу окуяларды өз боюна синирип, ареалдык чөлкөмдө азырга чейин келгиндигине басым жасайт. Башкача айтканда окумуштуу төмөнкүдөй таризде баяндаган: «Древние тюркоязычные племена начали двигаться с Енисея и Алтая на Поволжье (гурские племена – предки чувашей, V в.), на север (курыканы, вошедшие в тесное соприкосновение с другими племенами и образовавшие впоследствии якутскую народность), в Среднюю Азию (через Иртыш в VI и последующие века, потом – через Восточный Туркестан). К языку памятников орхоно-енисейской письменности был очень близок язык Ареалдыкских памятников. Древние фонетические черты языка енисейской (и ареалдыкской) группы памятников наиболее четко сохранились в тувинском, хакасском и шорском языках. В якутском языке, как и в чувашском, они подверглись сильным изменениям и растворились в ряде признаков, связанных с особенностями развития каждого из языков» [5, 5-22-бб.]. Ошондой эле окмуштуу өз эмгегинде бир ареалдык чөлкөмдө жашап келген кыргыздардын тили түрк тилдеринин көп кылымдарды кучагына алган маданиятынын жана тилинин өнүгүү доорунун жыйынтыгы болгон. И.А. Батмановдун мындай илимий-лингвистикалык пикирине кошулуу менен Сибирдеги тилдер боюнча белгилүү адис А.П. Дульзон согдулар менен түрк урууларынын ортосундагы социалдык жана тилдик байланышты чагылдырган топонимдер Түштүк Сибирдин аймагында арбын экендигине токтолгон. Ал: «На юге Сибири, главным образом в полосе лесостепи, сохранилась группа топонимов, представляющих интерес для исследования языкового субстрата. Мы имеем в виду те топонимы, в состав которых входят компоненты: об, ман и тари» [8, 1-5-бб.]. Тари форманты тараз топониминин байыркы архетиби экендиги шек туудурбайт.

Улуу Жибек жолунун лингвистикалык картасынын аныкталышы жана пайдалануусу менен ареалдык аймакта тилдердин карым катышы да тарыхый процесске айланган. Демек бүтүндөй адамзаттын тарыхында илимий жактан мааниге болгон экономикалык трассанын кыргыз жергеси аркылуу өтүшүнүн өзү ар түрдүү тилдердин, анын ичинде түрк тилдери менен башка тилде сүйлөгөн элдердин карым катнашын жана тилдердин ортосундагы мамилени өнүктүргөн. В.В. Бартольддун билдирүүсүнө караганда ареалдык топонимия чыгыш менен батышты соода-сатык гана эмес маданий жактан да байланыштыра алган Улуу Жибек жолунун аталган чөлкөм аркылуу өтүшү менен шартталган [2, 264-б.]. Мисалы, **Дара, Дароот-Коргон, Кызыл-Дөбө, Сандык, Сары-Таш, Кара-Шыбак** ж.б. топонимдер составдык курамы боюнча тарыхый доорду чагылдырган жер-суу аталыштары экендигинде шек жок. Мындай жагымдуу шарт бир кыргыз элинин жана анын тилинин өнүгүүсү үчүн жагымдуу жагдайды түзгөн, элдердин өз ара карым катнашын кылымдар бою жандандырган. Тилдердин карым катнашы тарыхый-экономикалык шарттын түзүлүшү жана бир ареалды жердеген калктын сандык жана сапаттык өсүүсү менен да коштолгон. Анткени шаарлардын пайда болуусу жана андагы инфраструктуранын издери азыргы күнгө чейин белгилүү. Ошондой эле географиялык жактан коммуникациялык ыңгайлуу абалды ээлеген ареалдык катыш ар дайым кызуу тарыхый окуялардын чордонунда болуп, илимпоздордун жана саякатчылардын кызыгууларын да арттырган.

Тан империясы менен Батыштын жана Орто Азияны (Чоң-Алай регионун) жердеген элдердин социалдык-экономикалык карым катнашынын күчөшү менен ареалдык топонимиянын стратиграфиясы жана негизги ареалдык өзгөчөлүгү аныкталган. Башкача айтканда башка элдер менен кыргыз урууларынын тилдик алакасы жалпы региондун гүлдөп өнүгүүсүнө алып келген. Кыргыз тили жалан гана башка тилдүү элдер менен эмес бир чөлкөмдү жердеген уйгур, өзбек жана дунган сыяктуу чыгыш элдери менен карым катышта болуп алардын тилдерине олуттуу таасирин көрсөтө алган. Кыргыз эли өтө чоң географиялык мейкиндиктин аралыгында көчүп жүргөн жана өзүнүн маданияты гүлдөгөн мамлекетин түзгөн этностон болуп саналары алда качан эле тарыхчылар жана тилчилер тарабынан акыйкаттуу түрдө далилденген. Бирок тарыхчылар кыргыз элин Түштүк Сибирден көчүп келген келгиндер катары карашат. Мындай көз карашка биз өзүбүз тараптан көп кошула бербейбиз. Анткени кыргыз эли Түштүк Сибирдин кен талааларынан тартып Памир тоолоруна чейин бийлик кылган Улуу державаны түзгүндүгү өз мезгилинде А. Абрамзон тарабынан да айтылган [1, 279-б.]. Кыргыз элинин байыркы согдулар менен болгон социалдык жана тилдик жактан байланышы жөнүндө кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу Б.М. Юнусалиев өз убагында ишенимдүү түрдө айткан. Ала турган болсок, **Кызыл-бакыр, Чор-Таш, Даркан, Дара, Опкон, Кара-Дарыя** сыяктуу аталыштар кыргыз уруулары менен согдулардын көп кылымдык алакасын чагылдырган тилдик фактылар.

А.Н. Бернштам ареалдык топонимия кыргыз элинин калыптануусундагы негизги борбордук чөлкөмдү түзгөндүгүн, Алай тоолорунун кыргыз уруулары жердеген мезгилинде табылган археологиялык буюмдардын калдыктарында (Сулайман тоо), табылган эпитафиялык эстеликтердин текстине үндөш түрк тилдүү элдердин тили чагылдырылгандыгын жана түрктөрдүн (кыргыз урууларынын) согдулардын тилине жана алардын социалдык абалына тийгизген таасири күчтүү экендигин белгилеген. Ошондой эле окумуштуу лингвистикалык ареалдын тарыхый жактан калыптануусуна да көңүл бурган. Анткени аталган окумуштуунун эмгектеринде ареалдык топонимиянын өтө бай системасы тыбыштык жана семантикалык жактан алгылыктуу чагылдырылган [3, 45-89-бб.].

Жогоруда аталган илимпоздун оюн улап С.М. Абрамзон жалпы эле Борбордук Азияда кыргыз эли негизги этникалык компонент болуп саналарын белгилөө менен бирге кыргыз тилинин башка тилдер менен болгон байланышын, айрыкча, Кыргызстандын чегинде тилдик ареалдын пайда болуу негиздерин биздин доордун алгачкы кылымдарына алып барат. Ала турган болсок окумуштуу төмөнкүдөй баяндайт: «Не ослабевающий интерес к этнической истории киргизов вызван также той своеобразной ролью, которую играли предки современных киргизов в исторических судьбах целого ряда народов и племен древности и средневековья. Наконец, эта проблема привлекала и привлекает к себе внимание исследователей не в последнюю очередь и тем, что до недавного времени наука не располагала достоверными источниками, которые позволили бы поставить решение многих вопросов на твердую почву фактов» [1, 23-б.]. Албетте, окумуштуу атаган кыртыш топонимдер экендигин эсибизден чыгарбообуз керек.

Эгер салыштыра карай турган болсок бир эле учурда А.Н. Бернштам өз пикирин мындайча билдирет: «В Чуйской долине существует тюркское и согдийское население. Их совместное здесь обитание еще для конца IX в. отметил Махмуд Кашгарский, который указывал, что тюрки ассимилируют согдийцев. Прекрасной иллюстрацией такого синтеза являются находки (Красная речка) хумов с надписями, написанными согдийской вязью с явными тюрскими словами» [4, 12-б.]. Окумуштуу лингвистикалык синтез жөнүндө айтып жаткандыгын түшүнүүгө толук мүмкүн. Ошондой эле Н. Жапаров өз изилдөөлөрүндө А.Н. Бернштам айтып жаткан түрктөр кыргыз уруулары

болушкан деген пикирин айтат [7, 12-б.]. Түрк уруулары менен согдулардын бир ареалдагы карым катнашы, ошондой эле тилдик байланышы көп кылымдар бою болгондугун И.А. Батманов өз эмгектеринде эч кандай шек саноосуз эле, чындык катарында таянат. Ошондой эле окумуштуу эки элдин, түрктөр менен согдулардын тилдик байланышы кыргыз элинин орхон-енисей доорунан бере коштоп жүргөндүгүн далилдеген. Ал өз сөзүндө төмөнкүдөй тарыхый-лингвистикалык материалга токтолот: «В 1957 году археологический отряд под руководством профессор А.П. Окладникова, обследовав долину реки Унги (левый приток Ангары, выше Иркутска), при раскопках нашел два чирага (светильника), изготовленных по среднеазиатским образцам. Были найдены миниатюрные отпечатки из халцедона с изображением крылатого существа с туловищем быка и головой человека. «Мифическое существо» на этой отпечатке явно представляло собой изображение древнеареалдыкского божества, покровителя стад и пастухов Гопат-Шаха, образ которого пользовался широкой популярностью в Ареалдыке и у ареалдыко-язычного населения Средней Азии весьма раннего времени. Как утверждает А.П. Окладников, эти находки совмещались с исконно тюркским вещевым материалом (преимущественно курыканского типа). Ср.: следы букв енисейского типа на альчиках и др. В могилах на городище по соседству с ними похоронены не монголоиды, т.е. тюрки, а европеиды таджикско-согдийского рассового типа, проникшие из Средней Азии. Центрально-азиатские племена во время существования тюркского каганата тоже имели культурные и экономические связи с согдийцами. Во-первых, этноним «сагдак» упоминается в памятниках Культегина и Бильге кагана. Во-вторых, археологические данные говорят об этих связях» [5, 18-б.]. Албетте окумуштуунун А.Н. Бернштам тарабынан көрсөтүлгөн тархый материалга таянып жаткандыгын ачык эле түшүнүүгө болот.

И.А. Батмановдун мындай илимий-лингвистикалык тыянагын колдоо менен Сибирдеги тилдер боюнча белгилүү адис А.П. Дульзон согдулар менен түрк урууларынын ортосундагы социалдык жана тилдик байланышты чагылдырган топонимдер Түштүк Сибирдин аймагында арбын экендигине токтолгон. Ал: «На юге Сибири, главным образом в полосе лесостепи, сохранилась группа топонимов, представляющих интерес для исследования языкового субстрата. Мы имеем в виду те топонимы, в состав которых входят компоненты: об, ман и тари» [8, 3]. Тари форманты тараз топониминин байыркы архетиби экендигинде талаш жок.

Жогоруда айтылган окумуштуулардын жүйөлүү пикирлери кыргыздын чыгаан тилчиси Б.М. Юнусалиев тарабынан да колдоого алынган. Окумуштуу ареалдык зонага кирген элементтер бардык түрк тилдеринде анын ичинде кыргыз тилинде көлөмү жагынан монгол тилинен кирген лексикалык бирдиктерден бир кыйла көп экендигин белгилейт [15, 219-б.]. Ошондой эле Б.М. Юнусалиев кыргыз урууларынын согду тилинде сүйлөгөн калк менен болгон тилдик карым катнашынын чегин айгинелейт. Башкача айтканда илимпоз мындайча белгилейт: «И у кыргызских племен были контакты с ареалдыко-язычным населением – тохарами (до IX в. н. э.), согдийцами (до XII в. н.э.)» [15,208].

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Ф.: 1990. - С. 479.
2. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996. – С. 608.
3. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана I. - Б., 1997. – С. 560.
4. Бернштам А.Н. Историко-культурное прошлое Северной Киргизии по материалам Большого Чуйского Канала. – Ф., 1943. – 67 с.
5. Батманов И.А. Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии// Источники формирования тюркских языков средней Азии и Южной Сибири. – Ф.: 1966. - С. 359.
6. Валиханов Ч. Избранные произведения. – М., 1986. – 413 с.
7. Джапаров, Н.Р. Гидронимия Кыргызстана: канд. дис.... филол. наук. – Б., 2006. – 150 с.
8. Дульзон А.П. Древние топонимы Южной Сибири Индоевропейского происхождения // Топонимика Востока (новые исследования). - М., 1964. – С. 228.
9. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. - Фрунзе, 1980. – С. 309.
10. Абу Исхак Ибрахим ибн Мухаммад ал-Истахри: Китаб масалик ал-мамалик // Мат. по истории киргизов и Киргизии. – М., 1973. – Вып.1. - [15-35]. 280 с.
11. Исаев, Д. Жер-суу аттарынын сыры [Текст] / Д.Исаев. – Ф., 1977.
12. Махмуд Кашгари. Девони луғатит турк / Г.Абдурахманов ва Муталлибовлар иштироки ва тахрири астида. – Т.3. – Ташкент: «Фан», 1967. – 405-б.
13. Молчанова О.Т. Структурные типы тюркских топонимов Горного Алтая. – Саратов, 1982. – 256 с.
14. Никонов В.А. Научное значение микротопонимии // Микротопонимия. Москва. 1964.
15. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. – 1959. – Ч.1. – 246 с.
16. Юнусалиев Б.М. К вопросу о формировании общенародного киргизского языка // Тр.ин-та языка и литературы. 1956. – 125 с.
17. Мухаммад ибн Наджиб Бекран //Мат.по истории киргизов и Киргизии. – 1973. – Вып.1.